www.manas.edu.kg

# КЫРГЫЗ-ТҮРК "МАНАС" УНИВЕРСИТЕТИ
## Гуманитардык факультети
## Философия Бөлүмү
## Курстун программасы

| Курстун коду | Курстун аты (Кыргызча) | Курстун аты (Түркчө) | Семестр | Апталык саат | Кредит | ЕКТС |
|---|---|---|---|---|---|---|
| KGZ-101 | КЫРГЫЗ ТИЛИ I | KIRGIZCA I | 1 | 2 + 0 | 2 | 2 |

| | |
|---|---|
| Курстун деңгээли | Бакалавр |
| Курстун түрү | Талаптуу |
| Координатор | Ага Окутуучу Др. Мира Ибраева |
| Курстун мугалими | Ага Окутуучу Др. Мира Ибраева |
| Курстун тили | Кыргызча |
| Жардамчылар | - |
| Аудитория | fen-222 |
| Курстун максаты | Кыргыз тилинде сабаттуу жазууга, окуганын, укканын, өз ой-пикирин, көз карашын эркин сүйлөй билүүгө үйрөтүү. Расмий иш кагаздарын жаза билүүгө машыктыруу. Студенттин кыргыз тили (фонетика жана орфоэпия, графика жана орфография, лексикология, фразеология, грамматика, морфология, сөз түркүмдөрү, синтаксис) боюнча билимин терендетүү. Кыргыз акын-жазуучуларынын өмүрү жана чыгармачылыгы менен кыскача тааныштыруу. Чыңгыз Айтматовдун айрым чыгармаларынын үстүндө иштөө менен, студенттердин көркөм ой жүгүртүүсүн калыптандырып, сөз байлыгын арттыруу. Кепте макал-ылакап, фразеологизмдерди колдоно билүүгө, көркөм сүйлөөгө көнүктүрүү. |

| Колдонулуучу адабияттар | | |
|---|---|---|
| | **Колдонулуучу адабияттар** | **Адабияттын түрү** |
| 1 | Э.Төлөкова, Т.Абылкасымова, А.Исманкулова. Кыргыз тили: Тилден дилге. Окуу китеби. Улантуучу топтор үчүн (кол жазма укугунда). | Китеп |
| 2 | Кыргыз тили. Э. Абдулдаев, С. Давлетов, А. Иманов, А. Турсунов. Ф.: Мектеп, 1986. | Китеп |
| 3 | Иш кагаздарын мамлекеттик тилде жүргүзүү. /Түз.: А. Исманкулова, Р. Солтобаева. Б.: «Кыргыз энциклопедиясы» башкы ред., 2013.4. | Китеп |
| 4 | 1. Ч.Айтматовдун «Эрте келген турналар», «Бетме бет» повесттеринин укма дисктери жана ушул чыгармалардын түпнускасы. | Китеп |
| 5 | 2. К. Кулалиеванын «Иш кагаздарын жүргүзүү» окуу китебинин укма диски. | Китеп |
| 6 | 3. Э.Төлөкова, Т.Абылкасымова, А.Бейшеева, А.Исмаилов, М.Ибраева. Көркөм чыгармалар боюнча окуп түшүнүү жана угуп түшүнүү жыйнагы. Улантуучу топтор үчүн. окуу куралы. 2011. | Китеп |
| 7 | 4. Кыргыз тилинин жазуу эрежелери: Соңку редакциясы / Кырг. Респ. Президентине караштуу Мамл. тил боюнча улут. комис. Бишкек, 2013. | Китеп |
| 8 | 5. Кыргыз тилинин справочниги. | Китеп |

| Жетишилчү жыйынтыктар | |
|---|---|
| 1 | Студент сабаттуу жазууга, окуганын, укканын, өз ой-пикирин, көз карашын кыргыз тилинде эркин айтып, түшүндүрө билүүгө жетишет. Расмий иш кагаздарын сабаттуу жазууга үйрөнөт. Кыргыз акын-жазуучуларынын өмүрү жана чыгармачылыгы менен кыскача таанышып чыгышат. |

| Курстун планы | |
|---|---|
| **Апта** | **Темасы** |
| 1. Апта | Киришүү. Курстун негизги максат-милдеттери. Окуу процесси тууралуу методикалык көрсөтмөлөр. Көркөм стиль. Чыңгыз Айтматовдун “Эрте келген турналар” повести (укма диск жана чыгарманын түпнускасы менен иштөө) |
| 2. Апта | Кыргыз тилинин жазуу эрежелери |

| Курстун планы | |
|---|---|
| 3. Апта | Фонетика жана орфоэпия |
| 4. Апта | Лексикология. Өздүк иш кагаздары менен иштөө: өмүр баян |
| 5. Апта | Лексикология. Омонимдер. Өздүк иш кагаздары менен иштөө: таржымал |
| 6. Апта | Лексикология. Синонимдер. |
| 7. Апта | Лексикология. Антонимдер. Өздүк иш кагаздары менен иштөө: мүнөздөмө |
| 8. Апта | Лексикология. Метафора. Өздүк иш кагаздары менен иштөө: түшүнүк кат |
| 9. Апта | Лексикология. Метонимия. Өздүк иш кагаздары менен иштөө: арыз (өтүнүч арызы, эмгек өргүү арызы, эмгек өргүүсүнөн чыгуу арызы, жумушка кирүү арызы, которулуу арызы) |
| 10. Апта | Лексикология. Синекдоха. Өздүк иш кагаздары менен иштөө: арыз (топтук арыз, доо арызы, эсептешүү арызы) Көркөм стиль. Чыңгыз Айтматовдун “Бетме бет” повести (укма диск жана чыгарманын түпнускасы менен иштөө) |
| 11. Апта | Фразеология. Өздүк иш кагаздары менен иштөө: тил кат |
| 12. Апта | Грамматика.Өздүк иш кагаздары менен иштөө: маалым кат |
| 13. Апта | Морфология. Сөз түркүмдөрү. Зат атооч. Өздүк иш кагаздары менен иштөө: ишеним кат |
| 14. Апта | Сын атооч Чыңгыз Айтматовдун “Бетме бет” повести (укма диск, түпнуска) боюнча тесттик иштердин үстүндө иштөө |
| 15. Апта | Сан атооч. Практикалык сабак |
| 16. Апта | Жыйынтыктоочу сынак. |

| Баалоо | | | |
|---|---|---|---|
| **Баалоо каражаты** | **Саны (даана)** | **Үлүшү (%)** | **Жалпы үлүшү** |
| Арасынак | 1 | 40 | **100** |
| Финал сынагы | 1 | 60 | |